| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

**“17” 08 2023-ж №227** **Кызыл-Суу айылы**

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын 24 сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн 2023-жылдын 2-чи жарым жылдыгында республикалык бюджеттен максаттуу трансферт катары келе турган калган акча каражатын 2023-жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө**

Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн республикалык бюджеттен максатуу трансферт аркылуу 2023-жылдын 2-чи жарым жылдыгында түшө турган акча каражаттарын максаттуу түрдө пайдалануу үчүн, айыл өкмөтүнүн бул маселе боюнча берген сунушун ар тараптан карап чыгып, талкуулап айылдык кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1. Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетине республикалык бюджеттен максаттуу трансферт катары 2023-жылдын 2-чи жарым жылдыгында келип түшө турган 1033,5 (бир миллион отуз үч миң беш жүз) сом акча каражаты айыл өкмөтү берген сметасынын негизинде чыгымдалсын

.Кыргыз Республикасынын каржы министирлигинин Жети-Өгүз райондук башкармалыгынан айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн 2023-жылдын 2-чи жарым жылдыгында келип түшө турган 1033,5 (бир миллион отуз үч миң беш жүз) сомго көбөйтүп берүү жагы суралсын (сметасы тиркелет).

2. 2-чи жарым жылдыкта түшө турган акча каражаты төмөндөгү жумуштарга айыл өкмөтүнүн берген сунушуна ылайык жумшалсын:

| № | Иш чаралар | Функциянaлдык классификасиясы | Элемент | Сумма сом |
|---|---|---|---|---|
| 1 | “ЖКХ”бөлүмүндө кошумча жумуштарды аткарууга чыгымдалуучу акча каражаты | 70629 “ЖКХ” | 22154900 | 990,0 |
| 2 | “Агрозооветсервис” муниципалдык ишканасына автоунаа сатып алууга кошумча | 70629 “ЖКХ” | 31121230 | 43.5 |
| | **Баардыгы** | | | **1033,5** |

3. Айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Казыбековго сессиянын токтомунун негизинде жогоруда аталган жумуштарды каржылоо жагы милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык Кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р. Иманалиевге жана айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

**Айылдык кеңештин төрайымы** **Г.Чыныбаева**